“Компаньон Банкы” ЖАК Башкармалык
2022-жылдын 23-декабрьдын чечими менен
**БЕКИТИЛДИ**

2023-жылдын 16-январынан тартып
**КҮЧҮНӨ КИРДИ**

# БАНКТЫК ЭСЕП ЖӨНҮНДӨ БАШКЫ КЕЛИШИМДИ ТҮЗҮҮГӨ АЧЫК ОФЕРТА

Ушул Оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398- беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ачык оферта болуп саналат жана «Компаньон Банкы» Жабык акционердик коомунун (мындан ары – Банк) ар бир укукка жана аракетке жөндөмдүү жеке жакка багытталган Банктык эсеп жөнүндө башкы келишиди (мындан ары – Келишим) түзүүгө сунушу болуп саналат, Келишимдин шарттары төмөндө камтылган.

Келишим Банк тарабынан ушул Офертага жооп берген жеке жактан (мындан ары – Кардар) белгиленген формадагы арызын кабыл алган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет, Кардардан арызын кабыл алуу ушул Офертанын толук жана шартсыз акцепти болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык Кардар тарабынан Келишимдин, ошондой эле Банктын операциялык залдарындагы маалымат такталарында жана/же www.kompanion.kg расмий сайтында (мындан ары – Сайт) жайгашкан «Компаньон Банкы» ЖАКнын банктык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө эрежелеринин» (мындан ары – Эрежелер) бардык шарттарын кабыл алгандыгын билдирет, мында Кардар тарабынан Эсеп ачуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик актыларында көрсөтүлгөн документтерди тапшыруу шартын аткаруу зарыл.

Келишимдин 3-главасына ылайык түзүлүп жаткан мөөнөттүү аманат жөнүндө келишим аманаттын суммасы эсепке келип түшкөн учурдан тартып түзүлгөн деп эсептелет.

Ушул Оферта күчүн жоготту деп таанылганга чейин же жаңы оферта жарыяланга чейин күчүндө деп эсептелет.

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Келишим Кардардын арызында көрсөтүлгөн валютада аманат (депозит) боюнча эсептерди, алардын ичинде талап боюнча төлөнүүчү банктык аманаттар боюнча эсептерди, мөөнөттүү банктык аманаттар боюнча эсептерди, кайтаруунун башка шарттарындагы аманаттар боюнча эсептерди (мындан ары – Эсеп/Эсептер) ачуунун жана тейлөөнүн тартибин жана шарттарын аныктайт.

1.2. Банкта тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр каралса, Келишимдин алкагында төмөнкүдөй кызматтардын көрсөтүлүүсү мүмкүн: бир же бир нече Эсептерди ачуу жана тейлөө, төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө, аралыктан көрсөтүлүүчү банктык жана төлөм кызматтары (аралыктагы банкинг – интернет-банкинг жана/же мобилдик банкинг кызматтары), эсепти кредиттөө (овердрафт), банктык аманат (депозит) жана Кардар тарабынан өз эсептерин башкаруу үчүн башка кызматтары.



Публичная информация

## 2. ТАЛАП БОЮНЧА ТӨЛӨНҮҮЧҮ АМАНАТТЫН ЭСЕБИН ТЕЙЛӨӨ

2.1. Эсептер Банк тарабынан кардардын арызынын негизинде жана/же Кардардын өзү тарабынан Банктын аралыктан тейлөө боюнча «Интернет Банкинг»/ «Мобилдик Банкинг» информациялык системасын (мындан ары – ИБ системасы) колдонуу аркылуу ачылат.

2.2. Эсептин номери Кардарга бардык байланыш каражаттар аркылуу Эсеп ачылгандан кийинки иш күндөн кеч эмес билдирилет.

2.3. Кардар акча каражаттарынын мыйзамдуу ээси экендигин жана анын Эсебине келип түшкөн акча каражаттарынын булагы мыйзамдуу/легалдуу экендигин тастыктайт.

2.4. Талап боюнча төлөнүүчү аманат эсебине Кардардын өздүк акча каражаттарынан тышкары эмгек акылар, автордук гонорарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка банктык эсептен каражаттар, мурастоого байланыштуу төлөмдөр, эсеп ээсине тиешелүү болгон жеке мүлктү сатып өткөрүү үчүн төлөмдөр, акча которуулар, башка акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр (кредиттер боюнча төлөмдөрдү эске алганда) чегерилиши мүмкүн. Кардар Талап боюнча төлөнүүчү аманат боюнча эсебинен жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү, анын ичинде өзүнүн жеке колдонуусу үчүн алынган сатып алынган товарларга (сунушталган кызмат көрсөтүүлөр) төлөмдөрдү, кредит боюнча төлөмдөрдү, коммуналдык жана башка ушул сыяктуу жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү ишке ашырса болот.

2.5. Эгерде өзүнчө келишимдерде/макулдашууларда башкасы каралбаса, Талап боюнча төлөнүүчү аманат боюнча эсептеги акча каражаттарга пайыздар чегерилбейт жана Банк тарабынан төлөнүп берилбейт.

2.6. Эгерде Келишимде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, Кардардын Эсеби боюнча бардык операциялар Эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык түзүлгөн төлөм документинин негизинде жазуу жүзүндөгү буйрутмасы алынгандан кийин жүргүзүлөт. Кардардын буйрутмасы электрондук байланыш аркылуу жана/же ИБ системасын колдонуу жана/же «Компаньон» электрондук капчыгын/мобилдик тиркемесин колдонуу менен берилиши мүмкүн. Төлөм документтери Кардарларды тейлөө үчүн Банк тарабынан белгиленген убакыттын (мындан ары – Операциялык убакыт) аралыгында аткарууга кабыл алынат, эсептешүүлөр Операциялык убакытта келип түшкөн документтерди тапшырган күнү жүргүзүлөт. Банкка Операциялык убакыт өткөндөн кийин келип түшкөн документтер Банк тарабынан кийинки иш күнү аткарылат.

2.7. Эгерде Кардар Банкка өз Эсебиндеги калдыктан ашык суммадагы бир нече операцияларды аткарууну тапшырса, Банк ошол операцияларды өз ыңгайына жараша Эсептеги калдыктын чегинде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аткарат.

2.8. Эсеп боюнча бардык төлөмдөр жана операциялар Эсептин валютасында жүргүзүлөт. Техникалык мүчүлүштүктөрдөн же башка себептерден улам белгиленген жаңылыш курс боюнча валюталык-алмаштыруу операция жүргүзүлгөн учурда операциянын суммасы кайра эсептелүүгө жана Банктын тиешелүү валютанын ишенимдүү сатып алуу курсу боюнча же болбосо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча кайра эсептелүүгө тийиш. Мындай учурда Кардар келип чыккан айырманы 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде Банкка компенсациялоого милдеттүү.



Публичная информация

2.9. Кардардын пайдасына келип түшкөн чет өлкөлүк валютадагы акча каражаттар Банк тарабынан тиешелүү банк-корреспонденттин эсебинин көчүрмөсүн алган күндөн кийинки иш күндөн кеч эмес чегерилет.

2.10. Мөөнөттүү аманаттын шарттары өзүнчө келишим менен, ал эми ал аралыктан (ИБ системасы аркылуу) ачылган учурда – Келишимдин 3-главасы менен жөнгө салынат. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишимде башкасы каралбаса, мөөнөттүү аманат боюнча пайыздарды төлөө жана мөөнөттүү аманатты кайтарып берүү Кардардын Талап боюнча төлөнүүчү аманат эсебине чегерүү жолу менен жүргүзүлөт.

2.11. Кайтаруунун башка шарттарындагы аманаттын шарттары өзүнчө келишим менен жөнгө салынат.

2.12. Кардар Золотая Корона системасында акча которууларды жүргүзүү эрежелери, шарттары жана тарифтери менен макул болот (https://koronapay.com системасынын расмий сайтында жайгаштырылган).

## 3. АРАЛЫКТАН АЧЫЛГАН МӨӨНӨТТҮҮ АМАНАТ

3.1. Келишимдин, ошондой эле Банктын кардарынын өз (жекече) колу коюлган Банктык эсеп жөнүндө башкы келишимдин алкагында ИБ системасынын колдонуучусу болгон Кардар аралыктан мөөнөттүү аманат ачса болот, ал аманаттын шарттары ушул главада каралган.

3.2. ИБ системасын колдонуу менен ачылган мөөнөттүү аманат жөнүндө келишими электрондук колтамга коюлган электрондук документ формасында түзүлдү деп эсептелет.

3.3. Мөөнөттүү аманат эки түргө (продуктка) бөлүнөт: «Мөөнөттүү», «Топтолуучу», «Универсалдуу» жана «Компаньон».

3.4. Мөөнөттүү аманаттын сунушталып жаткан жалпы шарттары Банктын Сайтынын тиешелүү бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн:

- «Мөөнөттүү» аманаттын: https://www.kompanion.kg/kg/retail/deposit/vklad-srochnyy
- «Топтолуучу» аманаттын: https://www.kompanion.kg/kg/retail/deposit/vklad-nakopitelnyy
- «Универсалдуу» аманаттын: https://www.kompanion.kg/kg/retail/deposit/vklad-universalnyy
- «Компаньон» аманаттын: https://www.kompanion.kg/kg/retail/deposit/vklad-kompanion.

3.5. Мөөнөттүү аманаттын жеке шарттары (аманаттын түрү, суммасы, валютасы, мөөнөтү жана номиналдык пайыздык чени) Кардар тараптан мөөнөттүү аманаттын сунушталып жаткан жалпы шарттарынын ичинен ИБ системасынын тиешелүү баракчаларында тандалып, андан ары Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Депозит боюнча маалыматта көрсөтүлөт.

3.6. Мөөнөттүү аманатты ачуу дем алыш/майрам күндөрүнө туш келген учурда аманат кийинки жумушчу күнү кабыл алынды деп эсептелет.

3.7. Мөөнөттүү аманаттын суммасы боюнча пайыздар аманат Банкка келип түшкөн күндөн тартып аманаттын суммасы Кардарга кайтарылып берилген же болбосо башка негиздер боюнча Кардардын эсебинен алынып салынган күнгө чейинки күнгө карата чегерилет.

3.8. Жылдын базасын эсептөөдө жылдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү саны эске алынат.

3.9. Эгерде мөөнөттүү аманатты жана/же чегерилген пайыздарды кайтаруу датасы дем алыш же майрам күнүнө туш келген учурда төлөм кийинки жумушчу күнү жүргүзүлөт.

3.10. Мөөнөттүү аманатты кайтаруу датасы келгенде ал талап кылынбаса, Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишимдин аракети токтотулат, ал эми мөөнөттүү аманатка карата Банктын колдонуудагы тарифтери боюнча талап боюнча төлөнүүчү аманатты жайгаштыруу шарттары колдонулат. Банк Мөөнөттүү аманаттын суммасын жана чегерилген пайыздарын Талап боюнча төлөнүүчү аманаттын эсебине которуп, мөөнөттүү аманаттын эсебин жабат.

3.11. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишими Кардардын демилгеси менен мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда мөөнөттүү аманат боюнча чегерилген пайыздардын жалпы суммасы мөөнөттүү аманат келип тушкөн күндөн тартып ал кайтарылып берилген күнгө чейинки күнгө карата төмөнкү пайыздык чендер боюнча кайрадан эсептелинет:

- мөөнөттүү аманат келип түшкөн күндөн тартып 12 (он эки) ай өтө элек болсо 0% (нөл пайызга) барабар пайыздык чен колдонулат;

- мөөнөттүү аманат келип түшкөн күндөн тартып 12 (он эки) ай өтсө төмөнкү пайыздык чендер колдонулат:

1) аманаттын «Мөөнөттүү» түрү үчүн: сом валютасында – Депозит боюнча маалыматта көрсөтүлгөн пайыздык ченден 30% (отуз пайызы) өлчөмүндөгү пайыздык чени; чет өлкөлүк валютада – жылдык 0% (нөл пайыз) чени;

2) аманаттын «Топтолуучу» түрү үчүн: сом валютасында – жылдык 3% (үч пайыз) пайыздык чени; чет өлкөлүк валютада – жылдык 0% (нөл пайыз) чени;

3) аманаттын «Универсалдуу» түрү үчүн – жылдык 0% (нөл пайыз) чени;

4) «Компаньон» түрү үчүн – жылдык 0% (нөл пайыз) чени.

Пайыздар ушул пункттун шарттары боюнча кайрадан эсептелинген учурда баштапкы менен жаңы пайыздардын ортосунда пайда болгон айырмасы Банк тарабынан мөөнөттүү аманаттын негизги суммасынан кармалып калууга тийиш.

3.12. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишим боюнча чегерилген/алынган пайыздардын суммасынан салык кармоо каралса, Банк салыкты төлөнгөн пайыздардын суммасынан кармап калат.

3.13. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишимдин ушул главада каралбаган башка шарттары Келишим менен жөнгө салынат (колдонууга мүмкүн болгон жагында).

## 4. БАНКТЫК КЫЗМАТТАР ҮЧҮН ТӨЛӨӨ ЖАНА ЭСЕПТЕШҮҮ ТАРТИБИ

4.1. Кардар Банктын кызматтарын, эгерде Келишимге карата кошумча макулдашуу менен башка шарттар каралбаса, Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөөгө милдеттенет. Тарифтер Банктын операциялык залдарындагы маалыматтык такталарда жана Сайтында жайгаштырылат. Кардардын Эсеп боюнча буйрутмаларынын аткарылышынан келип чыккан Банктын жана/же үчүнчү жактардын бардык чыгымдардын орду Кардардын эсебинен толтурулат.

4.2. Келишим боюнча Банктын кызматтарын төлөө Кардардын кайсы болбосун Эсебиндеги акча каражаттарын акцептсиз эсептен чыгаруу жолу менен ишке ашырылат. Банк Кардардын операцияларын жүргүзүү кызматтарын төлөө үчүн Банктын тиешелүү



Публичная информация

валютаны сатып алуунун курсу боюнча конвертациялоо менен, Кардардын кайсы болбосун Эсебиндеги акча каражаттарын пайдаланууга укуктуу. Кардар аткарылган кызматтар үчүн төлөнүүчү комиссияларды өзүнүн Эсебинен биринчи кезекте жана акцептсиз чыгарууга Банкка тапшырды.

4.3. Карталык эсептин валютасынан айырмаланган валюта менен Карта боюнча операцияны жүргүзүүдө операциянын суммасы төлөм системасынын курсу боюнча эсептик валютага конвертацияланат жана Банкка операцияны иштеп чыгуу үчүн берилет. Карта боюнча жүргүзүлгөн чыгаша операциянын суммасы картадагы калдыктын суммасынан ашуу (техникалык овердрафт) клиринг боюнча сумманын (клирингди иштеп чыгуу датасына карата кардардын эсебинин көчүрмөсүндө көрсөтүлөт) орду толтурулган учурдагы колдонулган жана авторизациялоо учурундагы курстан айырмаланган конвертациялоо курсунун колдонулушуна байланыштуу болушу ыктымал.

## 5. КАРДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

5.1. **Кардар төмөндөгүлөргө милдеттенет:**

5.1.1. Эсепти ачуу жана ал аркылуу операцияларды ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Банктын ички ченемдик актылары менен талап кылынган документтердин топтомун Банкка берүүгө;

5.1.2. Банктын талабы боюнча террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кардардын ишине жана ишке ашырылып жаткан банктык операцияларына тиешелүү маалыматты жана документтерди 3 (үч) иш күндүн ичинде берүүгө;

5.1.3. Кардардын жана (же) бенефициардык ээсинин анкетасында көрсөтүлгөн маалыматтар жаңыланганда же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда ошол маалыматтарды жана документтердин көчүрмөлөрүн дароо берүүгө;

5.1.4. Банк көрсөтүп жаткан кызматтарды кандайдыр бир мыйзамсыз максаттарда пайдаланбоого, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) багытталган эч кандай иш-аракеттерди жасабоого;

5.1.5. Эсеп боюнча жаңылыш ишке ашырылган операция жөнүндө маалымдоого жана ал табылган жана/же Банк билдирген кийинки күндөн кечиктирбестен жаңылыш чегерилген акча каражаттарды Банкка кайтарып берүүгө;

5.1.6. Бардык өзгөрүүлөр, анын ичинде даректин, телефон жана факс номери ж.б. өзгөргөндүгү жөнүндө Банкты 1 (бир) иш күндөн кечиктирбестен жазуу жүзүндө билдирүүгө. Буга карама-каршы учурда, Кардардын акыркы белгилүү дарегине жиберилген Банктын каттары Кардар тарабынан тиешелүү тартипте кабыл алынды деп эсептелет.

5.2. **Кардар төмөнкү укуктарга ээ:**

5.2.1. Эсебиндеги акча каражаттарын тескөөгө;

5.2.2. Акча каражаттарынын жылышы жана Эсептеги калдык жөнүндө көчүрмөлөрдү алууга;

5.2.3. Банкка Эсепти/бардык Эсептерди жабуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызды берүү жолу менен Келишимди бир тараптуу негизде токтотууга.



Публичная информация

## 6. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

6.1. **Банк төмөндөгүлөргө милдеттенет:**

6.1.1. Кардардын Эсеп боюнча операцияларды ишке ашыруу жөнүндө буйрутамаларын аткарууга, Кардардын Эсебине келип түшкөн акча каражаттарды Эсептин валютасында кабыл алууга жана чегерүүгө;

6.1.2. Банктын тейлөө залдарындагы маалыматтык такталарда жана сайтында жайгаштыруу жолу менен Банктын бардык Эрежелерине жана Тарифтерине мүмкүндүк берүүнү камсыз кылууга.

6.2. **Банк төмөнкү укуктарга ээ:**

6.2.1. Эсеп боюнча операцияларга байланыштуу жана/же террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында операциянын мыйзамдуулугун жана операциянын, анын ичинде ишке ашырылган операциянын, экономикалык максаттуулугун тастыктоочу кошумча документтерди жана маалыматтарды Кардардан талап кылууга укуктуу. Кардар талап кылынган документтерди, маалыматтарды берүүдөн баш тарткан учурда Банк Эсеп боюнча кайсы болбосун операцияларды ишке ашырбоого укуктуу;

6.2.2. Төмөнкү учурларда Келишимди бир тараптуу негизде токтотууга: 1) Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо боюнча талаптарды аткаруу, бенефициардык ээсин аныктоо, Кардарды талаптагыдай текшерүүнүн башка иш-чараларын аткаруу, Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбесе; 2) Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон, ишке ашырылып жаткан операциянын экономикалык максаттуулугун жана кардардын айкын экономикалык иш алып баруу аныктыгын тастыктаган тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбесе; 3) анык эмес документтер берилсе; 4) Кардарга карата анын террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге жана массалык кырып, жок кылуучу куралдарды таркатууга катышы бардыгы тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзам нормаларына ылайык алынган маалымат болсо; 5) Кардар Банктын кызматтарын Тарифтерге ылайык төлөбөсө; 6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн башка учурларда.

6.2.3. Эгерде 12 (он эки) ай мөөнөт ичинде Эсепте акча каражаттар болбосо же Эсеп боюнча операциялар жүргүзүлбөсө, Эсеп жабылганга чейинки 1 (бир) календардык ай мурда ал тууралуу Кардарга акыркы белгилүү дареги боюнча билдирүү жана/же мобилдик номерине/электрондук почтасына телефондук/электрондук билдирүү менен Келишимди бир тараптуу негизде токтотууга.

6.2.4. Белгиленген мөөнөт бүткөндөн кийин же болбосо келишимде каралган жагдайлар келип чыкканда берүү шарттарында салынган аманат боюнча пайыздардын өлчөмү азайтылган учурлардан тышкары Келишимге бир тараптуу негизде Кардардын макулдугусуз өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;

6.2.5. Өзгөртүүнүн болжолдуу датасына чейин кеминде 10 (он) күн мурда ал тууралуу Кардарга акыркы белгилүү дареги боюнча жазуу жүзүндөгү билдирүү жана/же мобилдик номерине/электрондук почтасына телефондук/электрондук билдирүү менен Эсептин номерин өзгөртүүгө укуктуу. Эспетин өзгөрүлүшүнөн кийин бардык акжа каражаттары жаңы Эсепке которулуп, кийинки операциялар жаңы Эсеп боюнча жүргүзүлөт;

6.2.6. Тейлөө залдарындагы маалыматтык такталарда жана Банктын сайтына жайгаштыруу жолу менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор күчүнө кирчү датага чейин



Публичная информация

кеминде 10 (он) жумушчу күн мурда маалымдап, Келишимде аталган Банктын Эрежелерин бир тараптуу өзгөртүүгө жана/же толуктоого;

6.2.7. Кардардын Эсеби боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн башка банктарды жана/же финансылык-кредиттик уюмдарды, жана/же төлөм уюмдарды, жана/же төлөм системасынын операторлорун тандап тартууга.

6.2.8. Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жана учурларда, алардын ичинде Кардардын Банктын алдындагы карызын төлөөдө, Банк менен Кардардын ортосундагы ар кандай укуктук мамилелеринен келип чыккан учурларда, Банк тараптан Кардардын Эсебине акча каражаттарын жаңылыш же негизсиз чегерүүдө, Кардардын Банктагы баардык Эсептеринен акча каражаттарын акцептсиз алып салууга. Карыздын валютасы Эсептин валютасынан айырмаланган учурда конвертациялоодо Банк тараптан бекитилген валюта курсу колдонулат.

6.2.9. Кардардын Эсебине акча каражаттарды чегерүүгө негиз болгон төлөм документтери жок болсо же толук эмес, бурмаланган, так эмес же карама- каршылык маалыматтарды камтыса, бардык зарыл болгон маалыматтарды камтыган документтерди алганга чейин Кардардын Эсебине акча каражаттардын суммасын чегерүүнү кечендетүүгө укуктуу. Документте Кардарды талаптагыдай текшерүү үчүн зарыл маалымат жок же туура эмес болгон учурда Банк акча каражаттардын суммасын жөнөөтүүчүгө кайтарып берүүгө да укуктуу.

6.2.10. Террористтик ишмердүүлүктү финансылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, ошондой эле Эсеп боюнча алдамчылык же кылмыштуу операциялар ишке ашырылган же ишке ашырылгандыгына шек болгон учурларда Эсеп боюнча операцияларды токтотууга/бөгөттөөгө.

## 7. БАШКА ШАРТТАРЫ

7.1. Кардар (эгерде ал же анын түпкү пайда алуучусу АКШнын резиденти болсо) Банк тарабынан «Чет элдик эсептерге салык салуу жөнүндө (FATCA)» АКШнын мыйзамына ылайык маалыматтарды берүүгө өз макулдугун берет.

7.2. Аманат Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык корголгон.

7.3. Келишим белгисиз мөөнөткө түзүлөт, Банк Кардардын белгиленген формадагы арызын (акцептин), анын ичинде электрондук колтамгасы коюлган арызын (акцептин) алган учурдан тартып күчүнө кирет, жана Кардардын тиешелүү арызы боюнча же болбосо Банк тарабынан Келишимдин 6.2.2-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык токтотулат (бузулат).

7.4. Келишимдин түзүлүүчү жери болуп Банктын/анын тиешелүү бөлүмүнүн жайгашкан жери эсептелет.

7.5. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишим мөөнөттүү аманаттын суммасы мөөнөттүү аманаттын эсебине келип түшкөн учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет жана мөөнөттүү аманатты кайтарып берүү датасына чейин күчүндө болот. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишимдин автоматтык түрдө узартылышы каралган эмес. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишим жазуу жүзүндө, анын ичинде электрондук колтамга коюлган электрондук документ формасында түзүлөт.

7.6. Логин, пароль, код жана башка идентификаторлорду колдонуу жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу деп таанылат. Жөнөкөй электрондук колтамга жекече (өздүк) колтамганын аналогу деп таанылат. Кардар тарабынан жөнөкөй электрондук

колтамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн жекече колтамгасын койгондой юридикалык натыйжаларга алып келет. Кардар тарабынан жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу менен түзүлгөн ушул Офертанын акцепти, ошондой эле Келишим жана Мөөнөттүү аманат келишими жөнөкөй жазуу формада түзүлгөн бүтүмгө теңештирилет жана кагаз түрүндөгү Кардардын өзүнүн колтамгасы коюлган акцепти/келишим сыяктуу эле ошондой юридикалык күчкө ээ.

7.7. Эгерде Кардардын тапшырмаларынын аткарылбагандыгы же өз убагында аткарылбагандыгы банк-корреспонденттин же башка үчүнчү жактын күнөөсү боюнча жана/же толук эмес же жаңылыш реквизитти көрсөткөн Кардардын күнөөсү боюнча орун алса, ошондой эле Келишимге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же алуучунун өлкөнүн мыйзамдарына ылайык Эсеп камакка алынган же операциялар токтотулган/аларга бөгөт коюлган болсо, Банк жоопкерчиликтен бошотулат.

7.8. Табигый кырсыктар, массалык башаламандыктар, эпидемиялар ж.б. ушундай сыяктуу дарамет жеткис күчтөрдүн (форс-мажор) жагдайлары аракеттенген мезгилде Тараптар жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажор жагдайларына шилтеме жасаган Тарап экинчи Тарапка ырастоочу документти көрсөтүү менен, мындай жагдайлар башталгандан тартып 10 (он) жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

7.9. Сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынбаган ар кандай талаш-тартыштар жана келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилет. Тараптар Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (КР ЖПК) 34-беренесин жетекчиликке алышып, КР ЖПКнын 30- беренеси менен белгиленген сот караштуулугун өзгөртүүгө сүйлөшүштү, ошого жараша Банк доо менен, сот караштуулугу КРнын ЖПКнын 32- беренесинде белгиленген доолорду эске албаганда, Банктын же анын филиалдары жайгашкан жери боюнча же болбосо жоопкер жайгашкан жери боюнча кайрылууга укуктуу. Кардар Банкка карата доо менен Банк жайгашкан жери боюнча гана кайрылууга укуктуу.

7.10. Келишимде көрсөтүлбөгөн шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана иштиктүү карым-катнаштардын каада-салттарына ылайык жөнгө салынат.

## 8. БАНКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ

«Компаньон Банкы» ЖАК
Дареги: 720044, Бишкек ш., Шота Руставели к., 62
ИНН:01210200410119,
ОКПО: 23672096,
БИК: 113001, КРУБ № 101

**Банктык эсеп жөнүндө**
**башкы келишимге карата 1-тиркеме**

**Жеке маалыматтарын берүүгө жана иштетүүгө**
**жеке маалыматтар субъектисинин макулдугунун**

Кардар эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрки менен Банкка төмөнкү макулдугун берет:

төмөнкү жеке маалыматтарды: паспортунун түрү, документти берген органдын аталышы жана коду, берилген датасы, колдонуу мөөнөтү, ПИН, толук аты-жөнү, туулган датасы, жынысы, жүзүнүн санарип сүрөтү, катталган жеринин дареги, үй-бүлөлүк абалы, кредитти төлөө тартиби, телефон номери, мобилдик байланыш боюнча кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдардын бир айлык суммасы, роумингде болушу, мобилдик байланыш үчүн колдонулган терминалдык жабдуулардын түрлөрү, геолокациясы жана электр байланыш жөнүндө мыйзамдарга ылайык башка маалыматтар ж.б.

– иштетүүгө (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз жеке маалымат массивин кармоочу (ээси) аткарган, же болбосо анын тапшырмасы менен аткарылган кандай болбосун операция же операциялардын топтому), ошондой эле:

– берүүгө (жеке маалымат массивин кармоочунун (ээси) "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүсү);

– трансчекаралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочунун (ээси) башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтарды берүүсү).

Жогоруда аталган жеке маалыматтар Кардарга мамлекеттик (муниципалдык), банктык жана төлөм кызматтарды көрсөтүү максатында, террористик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында жана ар кандай башка максаттар үчүн иштетүүгө берилет.

Кардар төмөнкүлөр менен таанышып чыкты:

1) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук, Келишимге кол коюлган (ушул Офертага акцепт берилген) күндөн тартып ага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөр, банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр берилген мөөнөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде жарактуу;

2) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту эркин формада жазылган кат жүзүндөгү арыздын негизинде кайта сурап алууга болот;

3) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайта сурап алынган учурда "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык анын жеке маалыматтарын иштетүүнү толук же жарым-жартылай улантууга болот.

Жеке маалыматтарды иштетүү башталган күн Келишимге кол коюлган (ушул Офертага акцепт берилген) күн болуп саналат.



Публичная информация